644

Х. Карасаев

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Современный киргизский язык.

фонетика и

морфология

1950 г.

1.

# ФОНЕТИКА

## Сөз тыбышы жөнүндө жана фонема жөнүндө түшүнүк

Фонетика– тил илиминин бир бөлүгү. Анда айрым тыбыштардын жасалышы, өзгөрүшү, бөлүнүшү текшерилет. Башкача айтканда, тилдеги тыбыштар жөнүндөгү илим– фонетика деп аталат/фонетика– грекче р оне– тыбыш, үн деген сөз/.

Тилдеги айрым тыбыштар башка тыбыштардан бөлүнүп өзүнчө турганда эч кандай мааниге ээ боло албайт. Башка тыбыштар менен тизмектелген гана чогулуп, белгилүү мааниге ээ болот. Тилдеги айрым тыбыштар өзүнчө жалгыз турганда мааниге ээ болбогон менен, сөздөрдү бир биринен ажырата турган белги болуп саналат. Анткени ар бир тыбыштын айтылышы ар башка. Кулакка ар түрдүү болуп угулуунун натыйжасында, бир сөздү экинчи бир сөздөн ажырата алабыз. Айрым сөздөр белгилүү бир маани менен байланыштуу болот.

Тилдеги сөздөрдү бир биринен ажырата турган коомдук мааниси бар тыбыштар– фонема деп аталат/ фонема–грекче р онема– тыбыш, үн деген мааниде/.

Айрым сөз көбүнчө бир нече фонемадан/ тыбыштан/түзүлөт. Бирок бир сөздөгү фонемалар/тыбыштар/ башка сөздөгү фонемаларга такыр окшошпой туруу шарт эмес.

Көп учурларда бир сөздөгү фонемалардын бири гана башкача болуп, калгандары окшоп калышы да мүмкүн. Мисал: мал, тал, жал, бал, кал, деген сөздөрдү алсак, жалгыз гана башкы тыбыштары менен ажыралып турат, бол, бул, бөл, бүл, бил сыяктуу сөздөрдү алсак, ортоңку фонемалары менен ажыралып атат, ал эми

тал, таш, там, тар сыяктуу сөздөрдү алсак, аякkы фонемалары менен ажыратылып атат. Кайсы бир учурларда бир фонеманын артык же кем болушу менен ажыралат, мисалы, жагым, агым, бака–бакал, кашык– ашык ; тердик– эрдик ; жоолук– оолук жана башкалар. Кээде фонемалары окшош болгону менен, сөз ичинде орундары алмашып турса да, мааниси башка болуп калат. Мисалы: маш,–шам,–таш, кош–шок, оолак– калоо, үкөк– көкү ж.б.

Жогорку келтирилген төрт топ мисалдардан, айрым сөздөр, ага байланыштуу маанилери, бир тыбыштан, же орундары алмашуудан да бир биринен ажырала тургандыгын ачык түшүндүк.

Демек, сөз ичиндеги фонемалардын/ тыбыштардын/бардыгы дж да белгилүү мааниге ээ болот. Эгер анын бири эле өзгөрүлсө же орду алмашса, сөздүн мааниси өзгөрүп кетет.

Кайсы бир көз, жаз, жел, кой сыяктуу сөздөрдүн тыбыш составы бирдей боло туруп эле, бир топ мааниге ээ болот. Мындай учурларда башка сөздөр менен тизмектештирүү аркылуу конкреттүү маанисин ачабыз, мисалы, кара көз кыз, тузакка көз жасады, малга көз бол, ийненин көзү тар, жер каз, кодур каз ; ат менен жел, салкын жел болду, кой маарады, китепти столго кой, кой тийбе! деген сүйлөмдөрдөгү кара менен терилген сөздөрдүн маанилери жанындагы тизмектелген сөздөргө карай конкреттүү/ачык/ болду.

## Ф о н е м а   а н ы н   в а р и а н т ы

Кыргыз тилиндеги кээ бир тыбыштар сөздүн маанисин өзгөртпестөн тышкы угулушун гана өзгөртөт. Мындай учур көбүнчө уңгу сөздөргө айкашкан мүчөлөрдө учурайт. Тилибиздеги мүчөлөрдүн бардыгы дээрлик сөзгө айкашканда үндүүлөрү да, үнсүздөрү да өзгөрүлүп кетет, бирок мүчөнүн мааниси өзгөрбөстөн формалары

/тыбыштары/ гана өзгерет. Буга мисал кылып -лар мүчесүн алсак, -лар, лер, лор, лөр, дар, дер, дор, дөр, тар, тер, тор, төр болуп 12 формага өттү, бирок кептүк маани өзгерген жок. Мындагы негизги л, а, р, келген д, т, е, о, ө негизги тыбыштын варианттары гана мындай абал уңгу сөздөрдө да болушу мүмкүн. Мисал үчүн, ак, тап деген сөздөргө мүчө айкаштырсак, агы, табы болуп к-г тыбышына, п-б тыбышына өттү. Бирок сөздүн маанисин өзгерткөн жок. Ушул эле тыбыштар уңгу сөздөр айтылышы өзгөрө турган болсо мааниси кошо өзгөрөт. Мисал үчүн, капар, кайкы деген сөздөрдү кабар, кайгы десек, такыр башка мааниге өтүп кетти.

Мына ошондуктан сөз ичинде маанини өзгөртө турган тыбыштарды фонема дейбиз. Сөздүн маанисин өзгөртпөй айтылышын гана өзгөртө турган тыбыштарды- фонеманын варианты, анын түрү дейбиз.

Сөз тыбыштарынын бардыгы да адамдын сүйлөө мүчөлөрүнө байланыштуу. Сүйлөө мүчөсүз, башкача айтканда, кишинин өзүнөн тышкары фонема жасалбайт. Ошондуктан фонеманын маанисин текшерүүнүн алдында анын кайда жана кантип жасалышын билишбиз керек.

Мына ошентип, фонетика эки бөлүккө бөлүнөт: 1/ бөлүгү- сөз тыбыштарынын физиологиясын, башкача айтканда, тыбыштардын сүйлөө мүчөлөрдө жасалышын, ошону менен катар сөз тыбыштарынын жоондугун бийиктигин, үнсүздүгүн текшерет. Бул бөлүмдө тыбыштардын мааниси, алардын пикир алышуу курал экендиги жөнүндө айтылбайт.

2/ Бөлүмүндө- сөз тыбыштарынын маанисин, алардын пикир куралы экендигин текшерет.

Институт языка и литературы
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 644
стр. 84
Кир. ФАН СССР



үчүн комуздун же мандалинанын кылын чертип көрүүгө болот. Кылдын дирилдөө кулагы/ аралыгы/ кеңиген сайын, тыбыш жоон тартат. Бирок тыбыш күчтүү болуу үчүн, дирилдөө кулагы менен катар,анын ылдамдыгы да көбөйүш керек. Тыбыштын күчү жана бийиктиги бир бири менен тыгыз байланышта болот.

в/ Тыбыштын тембри.Дирилдөөдөн пайда болгон тыбыш татаал болот.Анда негизги тыбышка кошулуп айтылган кошумча тыбыштар да болот. Мына ошол кошумча тыбышка карата тыбыштын тембри жасалат.

Сөздөгү тембр үндүү тыбыштарга байланыштуу болот.Тилибиздеги үндүү тыбыштардын ар кайсынысынын өзүнчө тембри бар. Мына ошондуктан үндүү тыбыштарды а,э,и сыяктуу бир биринен оңой эле ажыратабыз.

## Т ы б ы ш ж а н а ш о о к у м

Биздин кулагыбызга угулуп турган тыбыштар эки түрдүү болот. Анын бири— таза тыбыш, экинчиси— шоокум. Бул экөөн биз тыбыш чыгаруучу заттын дирилдөө кыймылына карата ажыратабыз.Эгер ал дирилдөө, белгилүү бир мезгилдин ичинде, текши, ыргактуу кыймылдаса, кулагыбызга музыкалуу тыбыш угулат. Эгер дирилдөө кыймылы текши эмес, ыргаксыз болсо, кулагыбызга шоокум/шум/угулат.

Сөздөгү тыбыш менен шоокум, көбүнчө,үндүү тыбыш менен үнсүз тыбышка байланыштуу болот. Үндүү тыбыштарда негизинен үн катышкан болот, үнсүз тыбыштарда, көбүнчө, шоокум катышкан болот / бул жөнүндө "Үндүү тыбыштар"," Үнсүз тыбыштар"деген темалар каралсын.

Тыбыштардын жогорку айтылган түрлөрү/ бийиктиги, күчү, тембри, тазалыгы, шоокуму/ адамдын сүйлөө мүчөлөрү аркылуу жасалган тыбыштарга да мүнөздүү болот. Ошондуктан ошол сүйлөө органдарыбызды